


# АКЫН, ЖАЗУУЧУ, ЭТНОГРАФ, САНЖЫРАЧЫ

# АБДЫКАЛЫК ЧОРОБАЕВге

# 120 жыл

Абдыкалык Чоробаев 1896-жылы Тянь-Шандын Ак-Талаасында, Курткада (азыркы Тоголок Молдо) айылында туулган. 14 жашында жергиликтүү молдодон сабак алып, үч жылдан кийин Анжиандагы медреседен аз убакыт окуп, кийин андан баш тартып, орус мектебин окумак болот. Бирок жумуштун ошол кездеги татаал жолу үмүткер жаш уландын оюн ишке ашырууга тоскоолдук келтирген. Жокчулук жонуна минген. А.Чоробаев эптеп оокат кылуунун айласын издеп Тогуз Торого көчүп барган. Ар кимдин коюн багып малай болуп жүрөт. Дээринде идиреги бар талант шыгы толгон, башкаларга караганда сабаты эрте ачылган жигит ошол кезде улуу устаты Тоголок Молдодон таалим алып, байланышын чыңдаган, өнөрүн үйрөнгөн. Улуу Октябрдын жарык нурун Абдыкалык жан дили менен тосуп алды. Бардык социалисттик мезгилдин акындары сыяктуу эле, алгачкы чыгармачылыгын, алгачкы ырын 1918-жылы «Ленинге мактоо» деген ырынан баштаган. Анда жол башчы элге жаңы заманды, эркиндик, теңдикти берген адам катары даңазаланган, ошондой эле Октябрь революциясын кубануу менен тосуп алып, бир нече чыгармаларын жараткан. 1920-жылы Ташкентте мугалимдерди даярдоочу алты айлык курсун окуп келип, айылда мугалим, кийин советтик чарбалык кызматта иштеген. Акын «Алп Тобок», «Жети эрдин өлүмү», «Жаңыл Мырза», «Тайлак Баатыр» аттуу тарыхый зор чыгармаларды ыр түрүндө жазып калтырды.

Анын ар кыл темадагы «Токтогулга», «Аялдарга изаят», «Келгиле жазгы жарышка», «Октябрь», «Улуу Ленин», «Гүлдөгүн Кыргызстан», «Капшыктагы заманам», деген ырлары чеберчиликте жазылган жана андагы турмуш менен тең адамдар өлкөдөгү ар кандай өзгөрүүлөргө эмгектик өсүштөргө, зор жаңылыктарга, коомдук маселелерге өз үнүн кошуп турганы сезилет.

Абдыкалыктын устаты Тоголок Молдонун чыгармаларын жыйноодо да эмгеги зор. Ал өз замандаштарына караганда элдик оозеки чыгармаларды, ырларды, легендаларды, тарыхый окуяларды, уламалуу оттуу сөздөрдү көбүрөөк билгендиги менен айырмаланат. Буларды айтып гана жөн болбостон ырга айлантып, «Мышыктын арманы», «Барса келбес үңкүр» сыяктуу поэмаларды жаратышы - кайталангыс талантынын, Байымбеттен алган нускасынын айкын күбөсү. Акын Ак-Талаа районунда колхоздун башкармасынын төрагалыгына чейинки кызматтарда иштеген, согуш жылдарында мекенге өз чөнтөгүнөн 50 миң сомдон ашуун салым кошуп танка курууга үлүшүн кийирген. Ак-Талаада кампа башчылыгында эмгектенген. Кийин Тоголок Молдонун катчылыгына дайындалып, улуу демократ акындын көптөгөн барандуу чыгармаларынын жаралышына түздөн

- түз сүрөө берген. Чын - чынына келгенде Байымбет жана анын үй-бүлөөсү үчүн Абдыкалыктын эмгеги ат көтөргүс. Бир жагын алганда кол баласындай, экинчи жагынан калемдин агасындай, асилдеги жакын жолдошундай Тоголок Молдонун бүткүл жан сырын тартып, анын көбүрөөк жазышына шарт түзгөн. Мисалы: «Токсон суроо» поэма дастаны А.Чоробаевдин демилгеси астында суроо- жооп аркылуу түзүлгөн. Карт акын карылыкка моюн сунуп бара тканда жакасы кирдебесин, бала- чаканын көзүн карабасын деп байбичелерден тандап туруп алып бергени ал үчүн ат арытып нечен тоскоолдуктарды башынан кечиргени адамдык бийик аризаты. Дегеле А.Чоробаев кыргыз оозеки чыгармачылыгынын, жазма адабиятты калыптоого, тээ байыркы ырчы, жамакчылардан, санжырачылардан тартып, биздин күндөргө чейинки кыргыз тарыхынын жомокторун не бир укмуш көркөм дүйнөсүн иликтеп, чогултуп жазып келүүдө сөз жеткис эмгек сиңирген. Кыргыз жеринде ал кыдырбашы элибиздин салт-санаасы, нарк нускасы бай адабиятты калыптоого чоң салым кошкон.

Акын карыя 1940-жылдан бери СССР Жазуучулар Союзунун мүчөсү, «Жаңыл Мырза», «Тайлак Баатыр», «Мышык баяны» аттуу чыгармалардын автору. Ал элдин түгөнгүс казынасы болгон элдик ырларды, жомокторду, макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү, эпосторду жыйноодо да чоң эмгек синирген. Көп жылдар бою эл агартуу тармагында, советтик кызматтарда эмгектенген. Тоголок-Молдонун окуучусу болуп жүрүп андан көп нерсени үйрөнүү - Абдыкалык карыянын ырга болгон шыгын арттырат. Ошентип адабият майданына кечигип кирсе да, жемиштүү эмгектенди десек болот. Ырларынын көпчүлүгү бактылуу элге, көркөмү көз тойгуз жерге ага ээлик Улуу Ленинге, карыянын өз замандаштарына, шакирттерине арналган.

12-июнь 1960-жылы Нарын шаарындагы Тянь-Шань облустук музыкалык драма театрында өткөн салтанаттуу чогулушта чоң толкундануу менен сүйлөгөн А.Чоробаевдин андагы сөзү, артынан окуган ырынын кол жазмасы ошол бойдон сакталган. Ө.Дөлөев ошол мурасты редакцияга алып келип басууга даярдаган. Төмөндө ошол эскерүү кол жазмасын окурмандарга тартуулармакчыбыз.

«Кымбаттуу жолдоштор! Мен бүгүн маркум Байымбеттин туулган күнүнүн 100 жыл толушуна карата сиздердин алдыңыздарга ал кишинин адабиятка кандай көңүл койгону жана кичипейилдик, адамгерчилик мүнөздөрүн эскертмек үчүн бир аз токтоломун. Байымбет менден 46 жыл мурда жаралса да киндик каныбыздын тамган жери бир. Идирегим болгондуктан, 14 жашымда каламын кармата баштап маркум байыркы макал менен «уста менен дос болсоң – кар кескенин алаарсың, ууру менен дос

болсоң – уятына калаарсың» дегенди мага атап жүрүп, ыр, жамак айтуу мурасы жукту! Жалгыз мен эмес, чөйрөсүндө ондогон ырчыларды, обончуларды өстүрдү. Дүйнөдөн кайтканына 18 жыл болсо да, бүгүнкү күндө акындын айткандары эч качан унутулбай турганын ушул салтанатта отурган 100 жылдык мараакесинде эске салгым келет. Маркумдун өмүрү жөнүндө айтып түгөтө албаспыз».

Мындан тышкара устатымдын 70 жашка чыккандыгы жөнүндөгү жазган арманынан да сактап калдым эле, ушул ырды да кошуп коюну туура таптым

Жетимиш жерге киргизди,
Жээктен тышка сүргүздү.
Калтыратып кубат жок,
Кара жанды күйгүздү.
Сексени турат какайып,
Жолумду тосуп чакайып.
Карылык оңой дарт эмес,
Айыга турган сакайып,
Эми барсам сексенге,
Сексен салаар жексенге,
А көркөчө алып кал,
«Ай-капта» болбой кеткенге.
Абдыкалык бөбөгүм
Аңгеме жазчу өнөгүм
Орчун элге тараткын»

Молдокемдин өнөрүн – ыры жана башкаларын бир мен эмес, жердеш туугандардын бардыгы колдон талашып, менде сакталган мурастарын койгон жок.

Ошол калган керээз –мурастарын өзүнүн көзү өткөн соң 1942-жылы 3-майда 16 китеп кол жазма жана сентябрь айы 1952-жылдары жети миң сапка жетээрлик ыр менен жазылган 36 темадагы түрлүү ырларды Илимдер Академиясынын тил адабият жана тарых институтуна тапшырып бердим.

Маркумдун кол жазма мүлктөрү жалгыз ошол эле эмес элде жүргөн жазма жана оозеки сакталып жүргөн баалуу мурастарынан мен көрбөгөн укпаган бар экен. Улуу акын Байымбет менен 50 жыл бирге жашап жүрсөм да, биздин Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондорунун учу кыйырына чыгып жыйноодо кемчилдик кылганым башымда болсо да, экинчи жактан Академия тараптан ушу күнгө дейре изилдөө жана жыйноо болгон эмес. Академиянын фондусунда жок. Эл оозунда жана көчүрүп сактап жүрүшкөн шакирттеринин

колунан ушу күндө мен чогултуп алган «Семетей», «Аял жөнүндө», «Кой көз», «Карылык жөнүндө арман», «Манастан» өз кол жазмасы болуп бир кыйла баалуу мурастарын таап олтурам». (А.Чоробаевдин сүйлөгөн сөзүнөн)

Абдыкалык Чоробаевдин Тоголок Молдо жөнүндө дарс окубаган жери, мектептери калган жок болсо керек. Төө чепкенин кийип, тегерек көз айнегин тагынып алып, тынымсыз эл аралаганы дале элибизде. Демек, таанымал даңазалуу акындын, фальклор жыйыноочунун, Тоголок Молдонун эң жакын шакиртинин 120 жылдык торколуу тоюн, ал туулуп өскөн Тоголок Молдо айылынын калайык – калкы, жалпы эле райондун коомчулугу, райондук маданият бөлүмү иштиктүү даярдыктары менен белгилөөсү тийиш. Мунун өзү чыгармачыл адамдын өмүрү элге таандык экенин, ал өзү өлсө да эмгеги сөзү, чыгармасы кылым санап элде жашап калаарынын бир күбөсү болмокчу. (Өмүрбек Дөлөев).

2016-жылы Атактуу Тоголок Молдонун шакирти акын, мыкты фольклор жыйноочу, өз мезгилинин санжырачысы, кыргыздын улуу эпосу «Манасты» жыйноодо, аны элге жайылтууда зор салым кошкон Абдыкалык Чоробаевдин туулган күнүнө 120 жыл толот. Жердешибиз адабияттын чыгаан өкүлдөрүнүн бири Абдыкалык агабыздынкшкл юбилейлик жылына карата ал жөнүндө билгендерибизди, уккандарыбызды, басма сөз, үналгы, сыналгы аркылуу айтып беришибиз керек. Мына ошонун өзү да А.Чоробаевди кененирээк билүүгө, тереңирээк түшүнүүгө чыгармачылыгын ачык айкын билүүгө шарт түзүлмөкчү. Жылдыздай өз изин салып, адамдарга жардам берип, кыргыздын рухий казынасын толтурууда зор эмгек сиңирип кеткен кыргыз жазуучуларынын ичинде жердешибиз Абдыкалык Чоробаевдин да өз өзүнө гана таандык чыгармачылыгы бар.

Акындын тирүү кезинде эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын, Жазуучулар Союзунун Ардак Грамоталары менен сыйланган. Кыргызстандын бардык тарыхый музейлеринде акынга арналган бурчтар уюшулган. Анын аты өмрүнүн көп бөлүгүн өткөргөн Нарын шаарынын бир көчөсүнө, өзү туулуп өскөн Тоголок Молдо айылынын бир көчөсүнө берилген.

Акын он баланы тарбиялап өстүргөн. Айрымдары да ыр, макала жазат.

Улуу уулу маркум Жоомарт Чоробаев да ата жолун улантып, акындык өнөрүн аркалаган, өз мезгилинин чыгаан акындарынын бири болгон. Төмөндө акындын уулуна арналган, Абдыкалык атага жана анын кичүү кызына арналган кесиптешинин ырынан берип коюну туура таптык

**УУЛУМА**

Ошо кезде, жазгы жышаан убакта,
Сен төрөлдүң кымкарланган бубакта.
Ыйлаганың баркыраса, бой эрип,
Сүйүнчүлөө жакшы угулду кулакка.

«Март жаңырып, күн жылыйт» деп кечинде,
Бир топ адам сөз кылганбыз, эсимде.
Күн да жылып, мен да жылып ат койдум,
Эсен-аман жүргүн элдин ичинде.

Улгайганда сени көрдүм бу күндө,
Уктай албай туруп жүрдүм түнүндө.
Ата даңкын, эне сүтүн актай көр,
Эл менен жер дайым турсун дилинде.

**Абдыкалык атабызга**

Катыра жазып Жаңыл мырзаны,
Калтырды томдогон ыр жыйнагын
Катчысы болуп молдонун,
Кагазга түшүрдү канча ыргагын.
Кошсо да алп Тобок, Тайлакты
Калды айтпай токсон сырлары.
Ээр токум жонго көтөрүп,
Ашты го жер-суу кырларын.
Жүз жыйырма жыл келе атат,
Белгилүү акын туулганы.

**Кызы Нарынкүлгө**

"Аккан арыктан –дейт, суу агат",
Атаңдын айткандарына жарап.
Абдыкалык кызы экен го дешип,
Айтышсын аткарган ишти карап.

Болбосоң да атаңдай атактуу акын,
Бөлөк жагына болсоң керек жакын.
Билбеген атаң тилди билип тереӊ.
Бул жагынан чыгарсаң болот атын.

Жаз убак бак-дарактар ачып бүрүн,
Жолдоштор тегеректейт сени бүгүн.

Жолдор узак, жашоо- турмуш кызык
Жүрө бергин көтөрүп элдин жүгүн.

Кут болсун туулган бүгүнкү күн,
Кубанмак атаң болсо мына бүгүн.
Кур эмес уучунар балдар-кыздар,
Кудайдын ушунусуна дагы сүйүн.

15.04.2015 жыл Нарын ш.

Токтосун Бегалиев, Нарын мамлекеттик университетинин профессору.

## КЫРГЫЗДЫН БААТЫРДЫК РУХУНУН ЖАЛЫНДУУ ЖАРЧЫСЫ

**Н.Чоробаева, филология илимдеринин кандидаты, доцент, НМУ**

Кыргыз элинин улуу муундагы жазуучу акындарынын ири өкүлү, алп санжырачысы, Ата-Журт тарыхынын теңдешсиз чежиреөчүсү, көрүнүктүү фольклорист, кыргыз этнологиясы боюнча дээрлик энциклопедиялык масштабдагы адис, Абдыкалык Чоробаев үч доорду башынан өткөргөн акын. Нарын облусунун кулуну, улуу Тоголок Молдонун шакирти жана атайын жардамчы катчысы Абдыкалык Чоробаев өзүнүн доорунда акын катары жеке эле Нарын облусу эмес, бүткүл Кыргызстанга эмгеги сиңген десек жаңылышпайбыз.

Дегеле акындар чыгармачылыгына назар салып көрсөк, бул өнөргө эки башка тагдыр менен келген акындарды кездештиребиз. Бири өзүнүн күчү, жөндөмү тил өнөрүндө экендигин анык билип, акындыгын көп учурда мыкты далилдеп, даңазалуу болуп кеткен чыныгы акындар.

Абдыкалык Чоробаев дал ушундай, жамакчылыкты мыкты өздөштүрүп алган жазма акындарыбыздын бири десек болот. Ал Нарын областынын Ак-Талаа районундагы Куртка айылында туулган. Алгачкы билимин айыл кыдырып жүргөн диндик молдолордун биринен алып, араб, фарс тилдерин үйрөнгөн: Т.Жабдасыновдун эскерүүсүндө: «Молдонун берген сабактары фарс тилинде жана алфавиттеринин татаалдыгы менен мүнөздөлгөн. Он беш жашына чейин үч жолу которулуп, жыл сайын келип жаңыртып, каратегиндик, кашкарлык молдолордон таалим алган», - деп жазат. Акын билим жолун ушундайча улаган. Элдин караңгылыгынан пайдаланган молдолор балдарга канчалык сабак окутса да, алардын билими оңой менен

жуга койгон эмес. Айрым дилгирлүүлөр гана ошол баш айланткан окуудан пайдаланып, кыргызча кат кабар жазууга үйрөнүшкөн.

Абдыкалык Чоробаевдин акындык талантынын өсүшүнө айрыкча Тоголок Молдонун (Байымбет Абдрахмановдун) жана ошол кездеги калк арасында ысымдары белгилүү Нурдин Молдо, Молдо Кылыч, Токтогул, Эшманбет, Калмырзы сыяктуу төкмө жана жазма акындардын чыгармалары зор таасир берген. Алардын ырларынын көпчүлүгүн жатка билип, дайыма айтып да жүрчү. Алсак, Тоголок Молдонун, «Зар заман», «Чүй бою», «Канаттуулар» деген казалдары акындын сүйгөн ырларынан болгон.

Абдыкалык Чоробаев Тоголок Молдонун жеке катчысы болгон. Буга: «Салтанаттуу чаралар област боюнча бүткөнү калды, ошол учурда мага Чоробай уулу келип, «Мен Тоголок Молдонун архивдерин тартипке салып жүрөм, ал кишиге колумдан келишинче жардам берип жүрөмүн» деди. Кыскасы, Молдокемдин катчы (секретарь) болуп иштесемдеген ою бар экен. Менин таклибим боюнча областык аткаруу комитетинин чечимин чыгарып А.Чоробай уулунун Тоголок Молдонун катчысы кылып дайындадык, айлык акысы 125 сом болуп бекиди», - деген Ырыскелди Аалы уулунун эскерүүсү далил боло алат. «Чоробай уулун мен 1940-жылы көрдүм. Күзүндө Жазуучулар Союзуна бара калсам, өңчөй жазуучулар Тоголок Молдону курчап алышып, айтып жаткан сөзүн кунт коюп угуп жатышыптыр. Молдокемин сөзүн бузбайынчы деп, четке тура калдым да, ал басыла калган кезде салам айттым. Алик алышты да, Молдокемин жанынан мага орун беришти. Молдокемин сол жагында отурган сыйда кара мурутчан, чап жаагыраак, буудай өңдүү кишини кайдан көрдүм эле дегендей карап калсам: «Ардактуу молдокебиздин катчысы Абдыкалык Чоробаев», деди Аалы. Абдыкалыкты ошондон баштап таанып калдым. Ал айылда тургандыктан, эки-үч жылда бир кездешчү болдук. Жолуга калганда эски санжырадан сурап, кагазына чийип ала коюп, Молдокемин мурасын чогултуу менен бирге өзү да ырлар жана поэма жазып жатканын айтып, кээде дептерин ачып казалдарынан окуп бере коюп жүрдү. Молдокемин тирүү кезинде жүздөгөн сап ырларын жазып алып, ал дүйнөдөн өткөндөн кийин да жер кыдырып, элдин оозуна калган жомокторун, ырларын чогултуп, чыпчыргасын коротпой жүргөнүнө аябай ыраазы болдум».

Элибиз үчүн, арттагы жаш муундарыбыз үчүн Токтогулдун ырларын Калык ырчы жыйнап, чоң эмгек сиңирип чыныгы балалык милдетинен кутулса, Абдыкалык да Молдокем үчүн тикесинен тик туруп кызмат кылды. Дагы бир акын Осмонкулдун эскерүүсүн алсак:

«1960-жылы Тоголок Молдонун 100 жылдык юбилейи Тянь-Шанда өтүп жаткан кезде Абдыкалык экөөбүз сүйлөшүп турсак казак элинин

атактуу ырчы, обончусу Кенен Азарбаев басып келип, Абдыкалыкты колдон алып: - Молдокеге жаксы кызмат этипсиң, Рахмат. Узак өмүрлүү бол. Убакыт болмай калганын карашы. Айтпесе сендердикине бара кетет элем, өйөң өзүнчө эле музей дейт го. Кыргыз халкынын эски үлгүдөгү кылыч менен мылтыгын, шырдак менен шалчасын, баатырлар кийчү соот чопкутун, көнөчөк менен көөкөрүн жана баска сейрек ушурай турган тиричиликке керектүү буюмдарын жыйнап жүрөт деп уктум. Ал балалар үшүн табылбас казына гой, - деди». Кенендин Абдыкалыкка берген баасына ичимен ыраазы болдум. Өкмөт менен партиянын саясатын элге жайылтууда аздыр көптүр эмгек сиңирип, карыдым дебей ырлар жазып жаткан өз милдетине терең түшүнгөн Чоробай уулу мындан ары да сонун жомокторун, баалуу чыгармаларын жазып берерине мен шек кылбайм. Узак өмүр сүрүп, жемиштүү эмгектерине мен тилектештигимди билдирем, - деп жазат.

Абдыкалык акындын поэтикалык чыгармачылыгына сереп салсак, анда акындын балалык кезде катуу таасир калтырган, бүткүл жаратман дүйнөсүнүн дайымкы көрөңгүсү болуп келген. Ак-Талаа, Тогуз-Торо аймактарындагы ажайып кооз жаратылышты чаңкап сүрөттөгөн ырларынын чакан топтомун көрөбүз. Бирок калемгердин негизги чыгармалары – үргүлжү жалаң кыргыз баатырларынын тарыхый-көркөм галереясын жаратып түзүүгө арналгандай, кыргыз элинин бүткүл тарыхый жолу «Ала-Тоолук кыргыз эли тайманбай», «сансыз жоодон эркиндигин талашкан» (Кыргыз ССРнин биринчи гимни) жоокердик замандарын чагылдырууга зор аракеттерди жасаган жана бул жагынан эбегейсиз албан –албан эмгектерин жараткан. Акындын «Жаңыл Мырза», «Тайлак Баатыр», «Алп Тобок», «Жети эрдин өлүмү» сыяктуу злкар дастандары, «Токсон суроо» өңдөгөн философиялык-диолог мазмунда жазылган поэтикалык терең ой жүгүртүүсү, автордун каармандык, жоокердик, баатырдык – жалпы эле эл эрдиги жөнүндө патриоттук улуу сезими, эл-жерин чексиз сүйүүнүн бирден бир бийик үлгүсү болуп саналат.

Баарыга белгилүү болгондой, Кыргызстан 1991-жылы өзүнүн миң жылдык тарыхында, биринчи жолу саясий эгемендүүлүк алганы элибизде өзүнүн өткөнүнө, улуттук тарыхына кайрылуу барган сайын өктөмдүк менен активдешүүдө. Анткени, тарыхка кайрылуу, кезектеги мода кубалоочулардын мезгилдик далбастоолору катары эмес, элибиздин баатырдык бай мурастарына, демек өздөрүнүн мурда ким экендиктерин билүүгө умтулуулардын өзү (Кудайдын кулагы сүйүнсүн!), элибиздин жалпы аң-сезиминде өзүнүн баатырдык тарыхына кызыгуу олутту түрдө ойгонду! – дегенди билдирет. Бул чынында да аз эмес ийгилик. Кыргыздын маданий мурасында өзүнчө бир керемет Мейкиндик – «Абдыкалык Чоробаевдин

руханий өрөөнү» аттуу ажайып айдың бар. Бул руханий кенчибиз акындын зор бараалынан гана кабар бербестен, көптөгөн муундарыбызды атуулдук (патриоттук) сапаттарды өзүнчө калыптандырууга, өз элинин каарман эрдиктеринин тарыхына, элдин аң-сезиминде кыттай уюган тарыхый кеменгер инсандарыбыздын, жомоктогудай жеңилбес, реалдуу жашап өткөн баатырларыбыздын, акылан-ойчулдарыбыздын мисалдарында тарбиялай турган залкар чыгармалары бар экени, алар жарым кылым бою кыргызга кызмат кылып кележатканынан да маалымдайт.

Жеке эле ырлар жыйнактарын эмес, өмүрдүн албан түрдүү жолдорун басып өткөн акындын чыгармачылыгына элдик оозеки адабияттын бай мурастарын жыйноо, өз мүмкүнчүлүгүнө жараша көркөм сөз өнөрүнүн даңгыр жолуна түшүп, өз жаманынын талыкпаган жарчысы болуу сыяктуу үлүштөр да таандык.

Ал улуу устаты Тоголок Молдо сыяктуу элдик бай мурастарды асемдеп, коооздоп кайрадан иштеп чыгуу, аларды жазма адабиятта калтырууну максат кылган. Көптү билген бул жайдары адам, эл алдындагы чоң чоң жыйындарда кутмандуу кыргыз элинин мыкты салт жөрөлгөлөрүн, элдик оозеки чыгармаларды, улуу окутуучу Тоголок Молдонун жана өзүнүн чыгармаларын кеңири пропагандалоодон тажабай эмгектенген. Көркөм сөздү кылдат баалап билген акындын жыйган-тергендери өзүнчө эле бир казына.

Совет бийлиги жылдарынан кийин А.Чоробаев менен Тоголок Молдонун байланышы ого бетер жакындап, көп убакытта жүргөн. Эл кыдырып, жер көргөн улуу акындан таалим алып өзү да бир нечелеген ырларды жазган. Акын билим алууга умтулуп 1920-жылы Ташкенттеги 6 айлык мугалимдик курсун бүтүрүп келет да, Жаңы-Талапта балдарды окута баштайт. Ушул жылы Тоголок Молдо Тогуз Тородон көчүп келип, акын аны менен ирегелеш болот. Өз сөзү менен айтканда акын аны менен көзү өткөнгө чейин бир казандан аш ичип, бир басып, бир туруп жашайт.

Акын жеке эле мугалимдик кесип эмес ар түрдүү мекемелерде да көп жыл иштеген. Башкача айтканда 1924-1930-жылдардын аралыгында Нарын округунун Нарын аттуу комитетинде жана милиция органдарында кенже кызматтарды аткарып келген. Айылды көтөрүү милдетин аркалап жер-жерлерде башкармалык милдетти да аткарып келген, бирок А.Чоробаев көпчүлүк убакытын ыр жазууга, элдик фольклорду жыйноого арналган, Тоголок Молдо менен ар бир урууларды, ар кандай нускалуу ырларды, үрп-адаттарды, жомок, эпосторду жыйнашкан.

А.Чоробаев 1922-1923-жылдары белгилүү жыйноочу, фольклорист Каюм Мифтаков менен бирдикте кыргыздын оозеки элдик адабияттын жыйноого катышкан. Мында акын элинин казыналык мурастарын терең

изилдөөчү, аны сүйүүчү катары көрүндү. Акын ушул эмгектеринин негизинде көптөгөн сыйлыктар менен сыйланган. «Турмушту, анын ар бир кымбат нерсесин, айрыкча элдик маданий мурасты сүйүүнү, аны ардактоону улуу акындан үйрөнгөм», - деп жазат И.Мамбетов.

Элди аралап аңгеме айтуу элдеги сейрек учуроочу мурастарды (анын ичинен биринчи кезекте «Манасты») даректөө, тапмайынча артынан түшүп, көздөгөн максатына жетүү – акындын өзгөчө касиеттеринин бири болгон. Ошондуктан элден чыккан белгилүү акындардан тартып, жамакчылардын кол жазмаларын изилдеп, аны алтын фондуга тапшырган.

Акындын чыгармаларынын түпкү теги элдик оозеки поэзиянын башатынан чыккан. Мында эске алына турган башкы нерсе – ал эл ырчылары сыяктуу колуна комуз алыполтурган эле жерде коюлуштуруп, жамактатып ырдапжиберген эмес. Бир айырмачылыгы ырды эркин жана шыр жазгандыгында. Бул - акындын табигый талантынын айкын күбөсү. Анын стили жазма адабиятынын стилине жакын. Акындын устаканасында фольклордун, жазма адабияттын таасири бар.

«Жаңыл Мырза» эпосу баатырдык эпостун арасында өзгөчө чоң орун ээлейт, анткени өзгөчө деп жатканымдын себеби – кыргыз элинин башка эпосторунун каармандарынын образдары эли – жерин чексиз берилип сүйгөн баатыр жигит катары сүрөттөлсө, мында ал роль элдин сүйкүмдүү кызы Жаңыл Мырзага ыйгарылат.

«Жаңыл Мырза» - кыргыз элинин баатырдык дастаны. Айрым божомолдор боюнча, анын пайда болушу XV – XVIII кылымдарга таандык. Дастанда калмак жаңырыгына (баскынчылыгына) каршы кыргыздын күрөшү, кыргыз урууларынын турмушу сүрөттөлөт. Баш каарман Жаңыл – баатыр кыз, нойгут уруусунун билерманы. Анын баатырдыгы душман менен кармашта да, жекече сыноолордо да көрүнөт. Элдик уламыштарда Жаңыл тарыхый жашаган кыз катары айтылат. Дастандын пайда болушуна тарыхый факт негиз болуп, элдин рухий муктаждыгы Жаңыл сыяктуу жаркын образдардын калыптанышына шарт түзгөн.

Абдыкалык Чоробаев эл арасын атайы кыдырып улама-тарыхты көп чогултуп, мыкты билген адам үчүн «Жаңыл Мырзаны» арбын маалыматтардын негизинде жазгандыгы башка варианттардан айырмаланып турат.Бул туурасында акын өзү да «Мурас» аттуу ырында:

Бекер калып калбасын деп бул аңыз,
Карылардан угуп жаздым уламыш
Эл оозунан жыйнап алган бир сөз,
Ал байлыгым, бир мен үчүн кубаныч.
Ошондуктан элдик сөздөр жазганым,

Өткөн күндүн элеси деп сезгиле,

«Жаңыл Мырза», «Тайлак баатыр» дастанын [2, 22-б.] – деп жазат. Поэма баштан- аяк бир дем менен салттуу жети – сегиз муун өлчөмүндө жазылган. Акындын дагы бир өзгөчөлүгү ал Жаңылды баатырдык эпосторундай күчтүү эпикалык мотивде баяндабастан, кадыресе турмуштагыдай жөнөкөйлөштүрүп, бирок ишенимдүү баяндайт, мында Жаңыл баатырдык жасап, керек кезде теңдешсиз мергендигин көрсөтүп, жай учурда аялдарда эле күн өткөрүп жашайт.

Ошентип акындын поэмасында Жаңылдын баатырдык артыкчылыктан тышкары, анын акылдуу, чечкиндүү, ыймандуу, жөн билги, калыстыгы өңдүү адамдык сапаттары да ачылган. А.Чоробаевдин бул поэмасы үч жолу (1957, 1966, 1998) жарыкка чыгышы бекеринен эмес.

Жыйынтыгында «Жаңыл Мырзанын» бул варианты сюжеттик жактан баардык маалыматтардын толуктугу, Жаңылдын образын ар тарабынан ачып берүүгө жасаган жигердүү аракети, эң негизгиси, ошол мезгилдеги көчмөн элдердин жоокерчилик турмушунун маани-маңызын, философиясын, адат-салт өзгөчөлүктөрүн Калматайдай адамдардын, Үчүкө, Түлкү, Аккочкор, Каңкы жана Шардакбек, Жаңылдай ар башка мүнөздөгү эл башы, баатырлардын мисалында жакшы ачып бергендиги менен баалуу.

А.Чоробаевдин экинчи бир көрүнүктүү чыгармасы «Тайлак баатыр».

Тайлак (1800-ж. чейин Куртка – 1839, март) – элдик баатыр. Ал Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо багытындагы кыргыздардын Кокон хандыгына каршы күрөшүн жетектеген. Тайлак баштаган кыргыздар 1830-жылы Кокон эзүүлөрүнө каршы көтөрүлүш чыгарган. Көтөрүлүшчүлөр Куртка сепилине кол салып, аны кыйратышкан. Көтөрүлүштү басуу үчүн хан жиберген жазалоочу отряды да ойрондогон. Тайлак баштаган кыргыз жерине басып кирген жети жүз кытай аскерин талкалаган. Тайлак баштаган көтөрүлүшчүлөрдөн чочулаган кокондук бийлөөчүлөр дарылап айыктырабыз демиш болуп, ооруп жаткан Тайлакты «табыпчыга» өлтүртүшкөн. Тайлактын ысымы кыргыз элине кеңири маалым [3, 435-б.].

«Тайлак баатыр» поэмасына көптөгөн этнограф, тарыхчылар, фольклорист жана адабиятчы акындар кайрылып, көптөгөн эмгектерин жаратып келишкен. Булардын ичинде Абдыкалык Чоробаев да өз поэмасын жазган. Акын так Тайлак баатыр жашап өткөн Ак-Талаа өрөөнүнүн кулуну болгондуктан баатыр тууrасындагы дээрлик маалыматтарды алгач таякесинен, дагы башкалардан угуп, тартипке келтирип, укканын уккандай ырга айлантып чыккан.

Атантай, Тайлак деген эгиз болгон,
Алардын жердегени Куртка коргон.

Ал кезде Кокон ханы сурак кылган,
Куртканын куйганында салган чеби.
Күнөөсүз канды төккөн Кокон беги,
Багынып кыргыз, кыпчак канын соргон.
Канчалык кайнаса да ичте кеги. [4, 12-б.]

Мында Атантай, Тайлактын жөн-жайы, кокондуктардын элге көрсөткөн зордуктары жана береги маалыматтарды кимден уккандыгы айтылган. Бул чыгармада Тайлакты кокондуктарга туткун болуп кеткен Барпыжан деген кыздын арманы намысына келтирип, аларга каршы көрүш ачууга түртөт. Бирок, минтип Атантай, Тайлак өңдүү баатырлардын дегеле элдин көтөрүлүүсүнө, баарыдан мурда кокондук бийлик төбөлдөрүнүн чектен чыккан алык-салыгы, ач көздүктөрүнүн, ашыккан кыйноолорунун өзү себеп болгон.

А.Чоробаевдин чыгармасы тарыхый чындыкка коошо бербейт. Акын Тайлак баатырдын жеке сыпаттарына гана токтолуу менен чектелип калган, анын коомдук ал-абалы, ээлеген орду, саясатчылыгы, көз карашы, улуттук боштондук кыймылдын жетекчиси катары көптөгөн тарыхый материалдардын негизинде сүрөттөөгө жетишкен эмес. Бул да болсо жеке автордун кемчилигинен тышкары советтик түзүлүштүн айрым көрсөтмөлөрүнөн улам тарыхтын баракктары бурмаланууга же болбосо көз жаздымда калтырып коюуга аргасыз дуушар болгондугун байкоого болот. Акын элдик оозеки чыгармачылыктын методуна салып, традициялык ык, калып менен бир беткейой жүгүртүүгө рамкаланып, тушалып калган. Акындын ийгилиги – Тайлактын күндөлүк турмуш-тиричиликтеги жасаган иштерин, кеп кеңештерин, жөнөкөйлүгүн ынанымдуу түрдө ырга салган. Канткен күндө да Абдыкалык Чоробаевдин «Тайлак баатырынан», биз Атантай, Тайлактын тек жайы, алар жашаган доордун эң эле коркунучтуу түс – түспөлү, согуштук тактикасы, туруктуу өз позициясы жок турган элдин ошондогу абалы, ж.б. туурасындагы көптөгөн маалыматтарды алабыз. Чыгарманын баалуулугу мына ушунда. Мындан сырткары акын «Жети эрдин өлүмү», «Алп Тобок», «Мышык баяны» аттуу уламыштарды жараткан.

## Пайдаланылган адабияттар:

1. Осмонкул Бөлөбалаев. «Ала - Тоо», №8, 1966
2. Чоробаев А.Токсон суроо. Ырлар жана поэмалар. – Ф.: «Кыргызстан» 1986
3. Кыргыз совет энциклопедиясы. – Ф,: 1977. II том
4. Чоробаев А.Тайлак баатыр. Казал. – Б,: 2002